
# АК-ТАЛАА РАЙОНДУК ТАРЫХЫЙ ЭТНОГРАФИЯЛЫК МУЗЕЙИ.

# ТАЙЛАК БААТЫР.



*Баетов айылы 2015-жыл.*

## ТАЙЛАК БААТЫР

Рыскул уулу Тайлак баатыр 1796-жылы Нарын өрөөнүндөгү Ак-Талаа районунун Куртка айылында жарык дүйнөгө келген. Кыргыз тарыхын иликтеген сабаттуу айтылуу акын атабыз(Байымбет Абдрахманов) Тоголок Молдо жердеши улуттук баатыр Тайлактын эрдиктерин жана коомдук ишмердигин терең иликтеп, Тайлакты көрүп укканайрым карыялардын эскерүүлөрүн жыйнап өзүнүн шакирттери Нурдин Молдо, Абдыкалык Чоробаевдерге айтып берип жаздырган. Ал жөнүндө акындар Арстанбек, Чоңду, Нурмолдо, Барпы акындар озүлөрүнүн чыгармаларында ойлорун айтып ырдашкан. Тайлак баатыр эл аралык деңгээлдеги тарыхый инсан экендиги ачык маалым. 19-кылымдын ортосунда жашаган көрүнүктүү казак окумуштуусу Ш.Валихановдун, өзбек тарыхчысы Молдо Муса Сайраминин чыгармасында Цинь империясынын башкаруучуларынын жылнама тарыхтарында кеңири чагылдыргандары далил боло алат. Бул жөнүндө көрүнүктүү кыргыз тарыхчысы Б.Солтоноев да өз деңгээлинде маалымат берген. Ошондой эле белгилүү тарыхчы,профессор С.Аттокуров “Тайлак баатыр “деген китебине жазган. Кыргыз Эл жазуучусу Ш.Бейшеналиев өзүнүн “Тайлак баатыр”баянында Тайлактын тышкы душмандар менен күрөшкөн улуттук баатыр экенин белгилеп, элдик, өкмөттүк деңгээлде иликтенип, толук баасын алышы керек деп белгилеген. Тайлак эрте жетилип,эл камын ойлогон,элдин мүдөөсү менен жашап өмүрүн элдин келечегине, мамлекеттин биримдигин чындоого арнаган чыгаан инсан. Тайлак жеке эле кыргыз элин тышкы душмандардан коргобостон, коңшу боордош мусулман калкынын өкүлдөрү уйгурлар менен кашкариянын эркиндиги үчүн күрөш-көн баатыр.

19-кылымдын 1-жарымында кыргыз элинин көз карандысыздык үчүн күрөшкөн саяк уруусунан чыккан баатыр. Кокон хандыгынын 1832-жылы курулган Курткадагы чебин андагы миңден ашык сарбыздарды кармап жергиликтүү элден салык алып,элди эзип кыздарды олжого алып турган.


Кокондуктардын Курткадагы чебин талкалап, элди эзүүдөн куткарган.Тайлак баатырдын Кокондуктарга каршы күрөшүнүн 2-мезгили Мадали хандын Тайлакты туткундап кармап келүү үчүн 500 сарбызы менен Арап баатырды жибергенде Тайлак баатыр Кош-Дөбө айылынын Бычан жайлоосунан Арап баатырды тосуп алып жекемежеке сайышта өлтүргөн жерди азыр да "Арап өлгөн бел"деп аташат.

Тайлак баатырдын күрөшүнүн 3-этабы 19-кылымдын 30-жылдарынын аягына туура келет.Мадали хан Түркстан тараптагы казактын Эдиге төрөсү менен жакын мамиледе болуп, Эдиге төрөнү өзүнүн кошууну менен жабдып, Тайлакка каршы аттанып Талас, Суусамыр аркылуу келип, Суусамырдын Дубан-Кечүү деген жеринен беттешип, бул чабышта да Тайлак баатыр жеңип чыккан. 19-кылымдын 20-жылдарында Тайлак жетектеген кыргыз уруулары Чыгыш Түркстандын иштерине дагы аралашкан. Кашкарды башкарып келген кожолордун бири Жаангер кожо Кытай баскынчыларына каршы күрөшкөн бирок бул күрөш ийгиликсиз болуп Жаангер кожо кыргыздардын арасына баш калкалоого аргасыз болгон. Кытайдын Синьцзяндагы башкаруучусу Жаангер кожону колдогон Тайлактын айылын талкалап жетекчилерин кармап келүүүчүн Баян Бату генерал баштаган 500 аскерин жиберген. Атантай менен Тайлак баатырдын айылы Соң-Көл жайлоосунда болот. Жаангерди, Атантай, Тайлакты таппаган Баян Батунун жоокерлери Курткадагы коргоосуз тынч жаткан элге бүлүк салып, кемпир чалдарды, балдарды, аялдарды өлтүрүп, кыздарды олжолоп кетмек болот. Айылды чаап олжолоп кеткендиги тууралуу кабарды Соң-Көлдөгү Тайлакка чабарман жеткизет. Атантай менен Тайлак 16 жаштан улуу эр азаматтардан кошунду дароо чогултуп душманы Баян Батунунун кошуунунун артынан кууп жөнөшөт. Алар катуу жол жүрүп душманды алыстан көрүп, мыкты куралданган кытай аскерлерине кол салуудан мурда Тайлак баатыр мындай согуш амалын жасаган. Жылкылардын куйруктарына чычырканак бадалдын бутактарын байлап, өзүлөрүнүн жигиттеринин алдына салып айдап душмандын артынан жиберүүнү буйрук кылат.Баян Батунун аскерлеринин артынан уюлгуган чаң чыгып

жөнөгөндө Тайлактын ушунчалык көп аскери бар деп ойлошкон эмес. Баян Батунун аскери качып Кара-Суу өрөөнүндөгү кокту аркылуу качып корккону нан анчалык каршылык көрсөтө алган эмес. Тайлак баатырдын кыргын чабуулунан кытайдын бардык аскерлери өлөт. Баян Бату качып жөнөгөндө Тайлак артынан кууп жетип, кармашып, чоюн чокмору менен башка уруп олтүрөт. Ошондон бери бул жерди “Кытай кырылды”деп атап калган. Мына ошол окуядан кийин Цинь бийлиги кыргыздар менен болгон чек арада чоң күч бар экенин сезип, чектен ары кыргыз тарапка кытай аскерлеринин аралап жүрүүсүнө тыюу салган. Тайлак баатырды кытайлар “чек аранын чагылганы” деп аташкан. Бейпилдик өкүм сүргөн жылдары Тайлак элинин жашоо тиричилигине кам көрүп Каакыр аталган азыркы Көк-Жардагы керилген дыңдуу аймакка арчадан ноолорду жасатып суу чыгарган. Ошондон ушул күнгө чейин ал “Тайлак арык”деп аталып,курдурган баатырдын наамында аталып калган. Тайлакты олтүрүү үчүн Көр Аким деген тыңчыны дарыгердин киймин кийгизип, Нарындык кыргыздарга жөнөтүшөт. Ал 3 жыл бою Тайлактын элинде жашап, тамырчы табып катары таанылып, ишенимге кирген. 1838-жылы сасык тумоо тийген Тайлакты дарыламыш болуп кан алам деп ууланган наштар менен мурунга саят да ошондон Тайлак каза болгон.



„АТАНТАЙ, ТАЙЛАК БААТЫРДЫН“ КҮМБӨЗҮ. XIX-К. КУРТКА



**Атантай Тайлак баатырдын Курткадагы кумбөзү оңдолгондон кийин.**

Ак-Талаа районунун Куртка айылынын Куртка суусунун жээгинде Атантай жана Тайлак бир тууган баатырга арнап 19- кылымынын биринчи жарымында кош күмбөз тургузулган. Күмбөздү орто кылымдагы диний архитектуранын салтын уланткан усталар чала бышырылган кыш менен салышкан. Күмбөздун маңдай жак бети абдан коздолуп салынган. Булундары конус сымал болуп, алды жагынан жогору карай ичкерген. Мындай колонналардан алдында төртөө капталдарында экөө, аркасында экөө. Бул колонналар алды жагын үч бөлүккө бөлүп турат.Алды жагында күмбөзгө кирип чыкчу эки эшик бар. 2002-жылы Тайлак баатырдын 200-жылдыгына каратаТайлак баатырдын кумбозу реставрацияланган.




*Баетов айылындагы*
*эстелиги*